| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>НАРЫН ОБЛУСУ<br>ЖУМГАЛ РАЙОНУ<br>КУЙРУЧУК-КЫЗАРТ<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ЖУМГАЛЬСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>КУЙРУЧУК-КЫЗАРТСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|---|

Куйручук-Кызарт айыл аймагынын айылдык кеңешинин II-чакырылышынын
III-кезектеги сессиясынын
Токтому №4/7

2025-жылдын 27-марты Жаңы-Арык айылы

**Куйручук-Кызарт айыл аймагынындагы туризм тармагында иш алып барган ишкерлер үчүн ар бир боз үйгө бир сезонго төлөнүүчү төлөмдү төмөндөтүү жана жайыт жерлеринин ичинде жайгашкан чабынды жерлерди тоют топтоо максатында пайдалангандыгы үчүн төлөмдүн өлчөмүн белгилөө жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамынын 34-беренесин жетекчиликке алып, Куйручук-Кызарт айыл аймагынында туризм тармагын өнүктүрүү, ишкерлерге ыңгайлуу шарттарды түзүү жана жайыт жерлеринин ичинде жайгашкан чабынды жерлерди тоют топтоо максатында пайдалангандыгы үчүн төлөмдүн өлчөмүн белгилөө максатында айыл өкмөтүнүн алдындагы "Сөң-Көл" муниципалдык ишканасынын жетекчиси М.Мамбетжановдун билдирүүсүн угуп жана талкуулап, Куйручук-Кызарт айыл аймагынын айылдык кеңеши, **токтом кылат:**

1. Куйручук-Кызарт айыл аймагынын айылдык кеңешинин I чакырылышынын 12-июнь 2024-жылдагы VIII кезексиз сессиясынын №11/6 токтомуна өзгөртүү киргизилип, туризм тармагында иш алып барган ишкерлер үчүн ар бир боз үйгө бир сезонго төлөнүүчү төлөм 4000 (төрт) миң сомдон 1000 (бир) миң сомго төмөндөтүлүп 3000 (үч) миң сом болуп бекитилсин;

2. Куйручук-Кызарт айыл аймагындагы жайыт жерлеринин ичинде жайгашкан чабынды жерлерди тоют топтоо максатында пайдалангандыгы үчүн жылына 1 га чабынды жер аянты үчүн 5000 (беш) миң сом өлчөмүндө тариф бекитилсин;

3. Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы Куйручук-Кызарт айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн алдындагы "Сөң-Көл" муниципалдык ишканасынын жетекчиси М.Мамбетжановго тапшырылсын;

4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Куйручук-Кызарт айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы К.Э.Жусуповго милдеттендирилсин.

Төрага: Уланбек уулу Жыргалбек